**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

К.КАРАСАЕВ АТЫНДАГЫ БИШКЕК МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

«БЕКИТЕМИН»
К. Карасаев атындагы БМУ
илимий иштери боюнча проректор
профессор Мурзахмедова Г.М.
____________________
«10»____май________2024 ж.

К. Карасаев атындагы БМУ
ЭПБ кафедрасынын отурумунда
«КАРАЛДЫ»
№ 14 Протокол 8-май 2024 ж.
э.и.к., доцент Рысалиева Г.О.
____________________

# 08.00.05 – ТАРМАКТЫК ЭКОНОМИКА АДИСТИГИ БОЮНЧА КАНДИДАТТЫК СЫНАГЫНЫН ПРОГРАММАСЫ

Асанова Кымбат Туратбековна

# БИШКЕК ШААРЫНДАГЫ МЕЙМАНКАНА БИЗНЕСИН БАШКАРУУНУ ЖАКШЫРТУУ

Бишкек 2024

## Киришүү

Кандидаттык сынактар илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды аттестациялоонун ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Кандидаттык сынактын максаты - диссертациялык изилдөөнүн акыркы этабында аспиранттардын теориялык жана методикалык даярдык деңгээлин баалоо болуп саналат.

Изденүүчүнүн терең жана ар тараптуу кесиптик билимин, өз алдынча илимий-изилдөө иштерине даярдык деңгээлин жана анын натыйжаларын практикалык түрдө ишке ашырууга жөндөмдүүлүгүн белгилөө үчүн минималдуу кандидаттык экзаменде аспирант адистиктин категориялык аппаратын өздөштүргөнүн көрсөтүшү керек. Экономикалык илим, анын негизги теорияларын жана концепцияларын билүү; туризм тармагына таандык маселелерди теориялык жана методологиялык жактан негиздөө; мейманканаларды башкаруунун негиздерин жана стильдерин талдай билүү; дүйнөлүк мейманкана секторундагы тенденциялар менен инновацияларды изилдөө; Бишкек шаарынын мейманкана секторунун учурдагы абалын билүү; мейманкана секторунун өнүгүү тенденцияларын изилдөө жана аларды жөнгө салуу жолдорун билүү.

Тармактык экономика адистиги боюнча кандидаттык сынагынын программасы Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-январындагы ПЖ № 12 Жарлыгынын Окумуштуулук даражаларды берүү тартиби жөнүндө жобосуна жана 08.00.05 – тармактык экономика адистигинин паспортуна ылайык даярдалган.

Даярдалган программанын негизин “Туризм экономикасы”, “Туризм ишканаларын башкаруу”, Туризм ишканаларынын ишмердүүлүгүн уюштуруу” дисциплиналары түзгөн.

## Кошумча программанын мазмуну

**1- Бөлүм. Мейманканаларды башкаруунун теориялык-методикалык негиздери.**

Мейманканаларды башкаруу илиминин теориялык негиздери, башкаруу методдору, жетекчилердин башкаруудагы стильдери жана эларалык тажрыйбасынын теориялык негиздемеси.

Ар бир турист бюджетинин 30% мейманканадагы тейлөөгө жумшагандыгы үчүн мейманканалардын уюштурулушу менен башкарылышынын ишкананын финансылык көрсөткүчтөрүнө тийгизген таасирин, о.э. дүйнөлүк туризм экономикасында мейманкана секторунун ээлеген ордун талдоо.

Мейманкана бизнеси эч тынымсыз жылдын 365 күнү жана сутканын 24 сааты иштеген өзгөчөлүгү анын уюштуруу жана башкаруу түзүмүн экономиканын башка секторлорундагыдан кыйла айырмалантат. Ушундан улам мейманкана бизнесинде автоматташтыруу системаларынын колдонулушу маанилүү болуп саналып, дүйнөдө мейманкана секторунда колдонулган автоматташтыруу программаларын жана алардын өзгөчөлүктөрүн изилдөө маанилүү.

Мейманкананын тейлөө сапатынын туруктуулугу ишкананын классификациясы жана колдонгон стандарттары менен тыгыз байланыштуу. Ушундан улам эларалык мейманкана бизнесинде колдонулган стандарттар жана жиктөө системалары толук иликтенип, аларды ишке ашырууда иштегендердин артыкчылыгы такталып, коопсуздук жана ишенимдүүлүк жагы чиеленишкен мейманкана бизнесинде келип чыккан көйгөйлөрдү чечүү жолдору талданды.

## Кандидаттык сынагынын кошумча программасынын суроолору

**Биринчи бөлүм. Мейманканаларды башкаруунун теориялык-методикалык негиздери.**

1. Дүйнөлүк туризм индустриясынын өнүгүү тенденциялары
2. Дүйнөлүк мейманкана секторунун өнүгүү тенденциялары
3. Эларалык тажрыйбада мейманканалардын классификациясы
4. Мейманкана бизнесинде баа коюу ыкмалары
5. Мейманкана бизнесин башкаруусундагы өзгөчөлүктөр
6. Туризм тармагында 7P маркетинги
7. Мейманкана бизнесинде no-show, over booking, OOO, descreapancy report түшүнүктөрү
8. Мейманкана бизнесинде автоматташтыруунун маанисин жана Кыргызстанда колдонулган программалар
9. Алтернативдүү жайгаштыруу ишканалары
10. Мейманкана бизнесинде ачкыч түрлөрүн жана аларды колдонуудагы коопсуздук эрежелери
11. Мейманкана бизнесинин уюштуруу түзүмү
12. Мейманкана бөлүмдөрүнүн өзгөчө кырдаалдарда аткарган функциялары
13. Мейманканаларда башкаруу стильдери
14. Туризм түрлөрү жана жаңы туризм трендлери
15. Мейманкана бизнесинде сапат жана стандарт түшүнүктөрү

## Сунушталган булактар:


1. Артемова Е.Н. Основы гостеприимства и туризма [Текст]: учебное пособие / Е.Н. Артемова, В.А.Козлов. – Орёл.: ГТУ. - 2005. –104 с.
2. Ёхина М.А. Организация обслуживания в гостиницах [Текст]: учебное пособие / М.А. Ёхина. - 4-е изд., – Москва: Академия, 2012. – 208 с.
3. Кабушкин Н. И. Менеджмент гостиниц и ресторанов [Текст] / Н. И. Кабушкин, Г. А Бондаренко. – Минск: Новое знание, 2001.- 216 с.
4. Кобяк М. В. Теория и методология эффективного управления гостиничными предприятиями [Текст]: дисс. на соискание уч. степени д.э.н.: 08.00.05 / М. В. Кобяк. – Москва, 2013. - 464 с.
5. Кононова И. В. Управление качеством обслуживания в гостиничном бизнесе [Текст]: дис. на соиск уч. степени к.э.н.: 08.00.05 / И. В. Кононова. - Санкт-Петербург, 2012. – 145 с.

6. Кузьмина О. В. Стиль управления организацией и его влияние на трудовую мотивацию сотрудников [Текст] / О.В., Кузьмина, Т.А. Юшкова, Е.Г. Корнильцева // Интернет-журнал «Мир науки».- 2017.- № 5 (5). – 1-7 с. Режим доступа: https://mir-nauki.com/PDF/59PSMN517.pdf
7. Щелконогов А.В. Роль и место гостиничной индустрии в структуре туризма [Текст] / А.В. Щелконогов // Актуальные вопросы экономических наук. 2010. - №15-2. – С. 246-250

## 2- Бөлүм. Бишкек шаарынын мейманканаларын учурдагы абалы

1990- жылдан бери, өлкөдөгү бир катар саясий туруксуздукка жана Ковид-19 пандемиясынын терс таасирине карабастан, мейманкана бизнесинде өсүүнүн оң динамикасы байкалган. Ушул аралыкта жыл сайын орточо эсеп менен 30 орундуу 44 жаңы мейманкана ишке берилген. Заманбап базар экономикасынын талаптарына жана атаандаштыктын күчөшүнөн улам мейманканаларга жаңы талаптар коюлуп жаткандыгы аныкталды. Ушундан улам эларалык мейманкана базар алкагында туруктуу өнүгүү жана стандартташтыруу маанилүү экендиги аныкталып, “жашыл” концепцияга байланышкан ишканалардын санынын көбөйүшүнүн маанилүүлүгү белгиленди.

Талдоо көрсөткөндөй Бишкек шаары жалпы республикалык масштабда мейманканалардын санынын арбындыгы менен өзгөчөлөнүп, элет жерлерге караганда бир кыйла атаандаштык чөйрөсү менен айырмаланат. Ушундан улам Бишкек шаарынын мейманканаларынын сандык, ошондой эле сапаттык жагынан иликтөөлөр жүргүзүлүп, сунуштаган тейлөөлөрү бири экинчисинен олуттуу айырмалана тургандыгы көрсөтүлдү.

Бишкек шаарынын жана ага жакын аймакта жайгашкан туризм ресурстары, тактап айтканда, табигый ресурстар, маданий-тарыхый жайлар жана адам капиталы кеңири иликтенип, жыйынтыгында алардын алкагында туристтик өнүмдөр иштелип чыкты.

### Кандидаттык сынагынын кошумча программасынын суроолору

### Экинчи бөлүм. Бишкек шаарынын мейманканаларынын учурдагы абалы

1. Бишкек шаарында мейманканалардын саны жана түрлөрү
2. Бишкек шаарында ишмердигин жүргүзгөн 4 жана 5 жылдыз ишканалардын эларалык стандарттарга төп келиши
3. Бишкек шаарында туристтерге сунушталган этно кызматтар
4. Бишкек шаарынын туристтик ресурстары
5. Бишкек шаарында ишмердүүлүгүн жүргүзгөн эларалык чынжыр мейманканалар жана стандарт маселелери
6. Бишкек шаарынын туристтик инфраструктурасынын өнүгүү деңгээли
7. Бишкекте мейманкана ачуу процедурасы
8. Бишкек шаарында жайгашкан мейманканалардын сунган кызматтары
9. Бишкек мейманканаларынын ОТА менен иштешүү деңгээли

10. Бишкекте эко мейманканалары жана туруктуу өнүгүү концепциясына төп келүү деңгээли
11. Бишкекте ишмердигин жүргүзгөн ишканаларда мүмкүнчүлүгү чектелген жарандар үчүн атайын сунуштар
12. Мейманканаларда улуттук баалуулуктарды өнүктүрүү тенденциясы
13. Мейманкана бизнесинин тармактык ассоциациялары
14. Бишкек шаарында ишмердигин жүргүзгөн жайгаштыруу ишканаларынын түрлөрү
15. Бишкек мейманканаларынын толуу көрсөткүчтөрү

**Сунушталган булактар:**


1. Бекбоева М.А. Совершенствование и организация индустрии гостеприимства [Текст] / М.А. Бекбоева, Н. Расулова // сб. науч. трудов Национальная экономика КР: проблемы и перспективы развития. - Б., 2015. – С. 63-71
2. Джумалиева Г.М. Современое состояние гостиниц города Бишкек [Текст] / Г.М. Джумалиева, Р.Р. Абакирова // Известия ВУЗов Кыргызстана.- 2019. - №. 1. - С. 93-96.
3. Дудашвили С.Д. К вопросу о сертификации объектов размещения. Туризм Кыргызстана [Текст] / С.Д. Дудашвили. - Бишкек: Раритет, 2001. - 80 с.
4. Дудашвили С.Д. Туристские ресурсы Кыргызстана [Текст]: учебное пособие / С.Д. Дудашвили. - Бишкек: Раритет, 2004. – 278 с.
5. Жениш Н. Туристическая отрасль в Кыргызстане: тенденции и вызовы [Электронный ресурс]. – 2017. – Режим доступа: https://ucentralasia.org/media/xxvbuh5w/uca-ippa-wp42rus.pdf
6. Кыргызстандагы мейманканалардын эко сертификация модели [Текст] / [М.Кызанлыклы, Н.Маргазиева, К.Асанова ж.б.]. - Бишкек: КТМУ. - 2023.- 70 б.
7. Кыргызстанда иш алып барган жайгаштыруу ишканаларын жиктөө менен байланыштуу бир модел сунушу [Текст] / Э. Акгөз, Эрдем Б., Гөк Т., Инже Ж., Алимов У., Турганбаева Н., Асанова К. - Б: BYR Publishing,- 2018. – 216 б.
8. Турдумамбетов Б. Как открыть отель в Кыргызстане и Турции: сравнительный анализ истории развития сектора и организационно-правовых аспектов [Текст] / Б. Турдумамбетов, И. Гундогду, А. Исмаилова // Manas Journal of Social Studies. – 2017. - № 6 (5) – С. 179-194 .


## 3- бөлүм. Бишкек шаарынын мейманканаларын өнүктүрүүнүн келечеги

Статистикалык маалыматка жараша Кыргыз республикасы боюнча конок үйлөрү орточо эсеп менен 4%га өссө, Бишкекте бул көрсөткүч 10% га жетип, эч бир саясий жана табигый термелүүлөр болбогон жылдары 15%га жеткен. EViews программасынын жардамы менен 2028-жылга чейин жасалган божомолдоодо Бишкек шаарынын мейманканалары жылына 9га, ал эми конок үйлөрү 13 – 19 жаңы ишканага көбөйө тургандыгы аныкталды.

Жыл сайын курчуган атаандаштык чөйрөдө ишкананын туруштук берүүсү үчүн мейманкананын натыйжалуулугун жогорулатуунун мааниси белгиленип, мейманкана бизнесинин өнүктүрүүнүн негизги активдери менен ишмердигине оң таасир тийгизчү факторлор аныкталып, натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн “Теңсалмактуулук чамгарагы” методикасы иштелип чыкты.

Теңсалмактуулук чамгарагы Тазалоо кызматтары менен Каттоо жана жайгаштыруу бөлүмү үчүн, ошондой эле Антикризистик башкаруу иштеринин натыйжалуулугун өлчөө үчүн өз-өзүнчө даярдалып, 32 мейманканада сыноодон өткөрүлдү. Мунун натыйжасында ишканалар чабал жактарын так аныкташып, стратегиялык пландоодо жасалчу иштерин оңой белгилешет.

Бул бөлүмдө Бишкек шаарында гана курууга ылайыктуу эмес, элет жерлер үчүн дагы ыңгайлуу бизнес-модель эсептелип сунушталды. Бизнес долбоордо капсул отели, микро отель, бозүй конушу жана хомстей категориясындагы мейманкана кызматтарын сунуштаган төрт түр ишкананын инвестициялык планы, о.э. жумшалган каражаттардын актоо мөөнөтү пессимисттик, реалдуу жана оптимисттик жактан саналып чыкты. Сунушталган мейманкана бизнесинин уюштуруу түзүмү “холократия” системасында пландаштырылып, анын схемасы түзүлдү. Андан сырткары улуттук баалуулуктарды мейманкана ишканаларында жигердүү колдонуу үчүн “этно-анимациялык программа” даярдалды.

## Кандидаттык сынагынын кошумча программасынын суроолору

**Үчүнчү бөлүм. Бишкек шаарынын мейманканаларын өнүктүрүүнүн келечеги**

1. Конок үй өзгөчөлүктөрү жана башка жайгаштыруу ишканаларынан айырмасы
2. Мейманкана бизнесинде рентабелдүүлүк көрсөткүчтөрү
3. Мейманкананы брондоо учурунда коноктон алынуучу жана коноко билдирүүсү керек болгон маалыматтар
4. Мейманкана бизнеси үчүн тандалган текстиль өнүмдөрдүн өзгөчөлүктөрү
4. Бөлмөлөр фондунун кызматкерлерине “кредит” системасы менен иш бөлүштүрүү ыкмасы
5. Жаңы мейманкана бизнесин ачууда ийгиликтин шарттары
6. Мейманкана бөлмөлөрүнүн түрлөрү жана аларды сатуу ыкмалары
7. Мейманкана бизнесинде сунушталган тамактануу типтери
8. Мейманкана биздесинде мануалдык, механикалык автоматташтырылган системалар
9. Холократия башкаруу түзүмүнүн мейманкана бизнесинде колдонулушу
10. Туризм индустриясында бааны динамикалык калыптандыруу тенденциясы
11. Мейманкана бизнесинде кардарга багыттуулук принциптери
12. Upsale жана upgrate ыкмаларынын мейманкананын финансылык көрсөткүчтөрүнө тийгизген таасири
13. Мейманкана бизнесинде даттанууларды башкаруу жараяны
14. Мейманкана ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун баалоо ыкмалары
15. Микро отель жана капсул мейманканаларынын өзгөчөлүктөрү

**Сунушталган булактар:**


1. Аверина О.И. Этнотуризм: мода или дань уважения? [Текст]: / О.И. Аверина, Ю.В. Кабанова, А.А Лябушева // Финно-угорский мир. - Саранск, 2014.- №4.- С. 100-103.
2. Алекса С.В. Холакратия как инструмент повышения инновационной активности [Текст] / С.В. Алекса // Российский экономический интернет-журнал. – 2019. – № 4. Режим доступа: http://www.e-rej.ru/Articles/2019/Aleksa_S.V.pdf (02.03.24)
3. Атышов К. А. Традиции народов в анимационных программах в гостиничных предприятиях как фактор развития туризма и укрепления межкультурных связей [Текст] / К. А. Атышов, К. Т. Асанова // Традиционные спортивные игры тюркских народов: сб. материалов XII межд. симп. – Бишкек, 2023. - С.179-187
4. Ганиев Ж. Башкаруу экономикасы [Текст] / Ж. Ганиев. – Бишкек: КТМУ, 2021.- 192 б.
5. Данилова, Н. С. Холакратия как новая модель самоуправления [Текст] / Н. С.
6. Орозова Г.Ж. Кыргызстандын улуттук маданияты: Байыркы доордон 19-кылымдын аягына чейин [Текст]. – Бишкек. – КАУ. – 2010. – 132 б.
7. Чубурова Ж. Т. Индикаторы устойчивого развития туризма [Текст] / Ж. Т. Чубурова, М. Д. Кочкорбаева // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2019. – № 11. – С. 97-104.


**Пайдалуу шилтемелер:**


1. www.tripadvisor.ru
2. www.booking.com
3. http://www.nism.gov.kg
4. https://mfa.gov.kg
5. https://www.unwto.org
6. https://www.statista.com
7. https://www.tourism-review.com
8. https://wttc.org